КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТОҢ РАЙОНУ
КӨК-МОЙНОК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
КОК-МОЙНОКСКОГО
АЙЫЛНОГОАЙМАКА

**Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII чакырылышы**

# ТОКТОМ

2023-жылдын 11- майы № 22 Ак-Өлөң айылы

**Көк-Мойнок айыл аймагынын элинин ички тартип эрежелери жана кызмат көрсөтүү акыларынын тарифтерин бекитүү жөнүндө**

Көк-Мойнок айыл аймагынын жайыт комитетинин сөздөрүн угуп жана талкуулап, Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Көк-Мойнок айыл аймагынын жайыт акысы төмөнкүдөй бекитилсин: бодо малга-78 сом, жаш бодо малга-55 сом, кой-эчкиге -16 сом.
2. **Көк-Мойнок-1 айылы боюнча:**
- 2023-жылдын 10-майына чейин жайлоолорго малдар көчүрүлсүн,кайра көчүп келуу убактысы 10-сентябрдан башталсын;
- мал багуу акылары кой-эчкиге 70 сомдон, бодо малга 400 сомдон бекитилсин;
-корукка кирген бодо малга 500 сом, кой-эчкиге 50 сомдон бекитилсин.

**Ак-Өлөң айылы боюнча:**
- 2023-жылдын 20-апрелинен айдоо жерлерге корук башталсын, 20-майга чейин жайлоолорго көчүрүлсүн, Кара-Саз жайлоосуна 15-июнга чейин көчүрүлсүн, кайра көчүп келүү Кара-Саз жайлоосунан 20-сентябрь, Семиз-Белден 25-сентябрдан башталсын;
- Кара-Сазга барчу кой-эчкиге 80 сом, бодого 500 сом, Семиз-Бел жайлоосуна барчу кой-эчкиге 70 сом, бодо малга 450 сомдон, тай бакканга-600 сомдон тариф бекитилсин;
-корукка кирген бодо малга 1000 сом, кой-эчкиге 50 сомдон айып пул салынсын.

3. Ар бир мал багуучуга 900-1000 баштан ашык мал алынбасын (кой-эчки);
4. Бадага субай уй алып калууга тыюу салынсын;
5. Ички жайыттагы мал ээлерине 1 ат, 2 саан уй, 5-8 кой-эчкиге уруксаат берилсин;
6. Айыл тургундары үй-тиричилигине керектүү малдан ашык мал алып калган, жайыттарга көчүү, конуу эрежелерин жана мөөнөттөрүн сактабаган малчыларга Кыргыз Республикасынын административтик жоопкерчилик тууралуу Кодексинин 17 беренесинин 185, 186, 193 статьяларына ылайык жоопко тартылаары эскертилсин
7. Бул токтомду аткаруу жана тиешелүү документтерди даярдап берүү менен укук бузууларды алдын алуу жагы, жайыт комитетинин төрагасы Кубатов Автандилге милдеттендирилсин.
8. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

Төрага С.Д. Байбосунов